**“Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (“Китепкана иши жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын материалдык эмес маданий мурасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбооруна**

**НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМ КАТ**

Бул мыйзамдын долбоору “Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесин аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы №26 “Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына инвентаризация жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгына ылайык иштелип чыккан.

“Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине ылайык, Жогорку Кеңешке жана Министрлер Кабинетине алты айлык мөөнөттө Конституциядан келип чыгуучу зарыл чараларды кабыл алуу, анын ичинде колдонуудагы мыйзамдарды жана өзүлөрүнүн чечимдерин Конституцияга ылайык келтирүү тапшырылган.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы №26 “Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына инвентаризация жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 10-мартындагы № 55-б буйругун ишке ашыруу максатында «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын инвентаризациялоо боюнча ведомстволор аралык эксперттик жумушчу топ түзүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигининин 2021-жылдын 15-апрелиндеги №57 буйругу менен социалдык өнүктүрүү, саламаттык сактоо, эмгек, билим берүү, илим, маданият жана спорт маселелери боюнча эксперттик топтун курамы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына инвентаризация жүргүзүүнүн методологиясы бекитилген.

Жогоруда көрсөтүлгөн ченемдик укуктук актыларды аткаруу максатында, социалдык өнүктүрүү, саламаттык сактоо, эмгек, билим берүү, илим, маданият жана спорт чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын инвентаризациялоо боюнча иш-чаралардын алкагында Кыргыз Республикасынын маданият чөйрөсүндөгү мыйзамдарына инвентаризация жүргүзүлдү.

Мындан тышкары, көз карандысыз эксперттер тарабынан Кыргыз Республикасынын маданият чөйрөсүндөгү көрсөтүлгөн мыйзамдарына талдоо жүргүзүлгөн жана жүргүзүлгөн баалоонун жыйынтыгы боюнча көрсөтүлгөн мыйзам долбооруна киргизүү үчүн тиешелүү сунуштар берилген.

Ушул мыйзам долбоорунда төмөнкүдөй өзгөртүүлөр сунушталат:

1) “Китепкана иши жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча төмонкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат:

- Китепкана ишинин максаттарын, милдеттерин жана принциптерин тактоо;
- 1-беренени китепкана системасын тиешелүү кошумча аныктамалар менен толуктоо (автоматташтырылган маалыматтык китепкана системасынын жана борборлоштурулган китепкана системасынын аныктамалары);
- Мыйзамдын долбооруна менчигинин формасына карабастан китепкаларды өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү боюнча жаңы ченем киргизилди. Бул ченемде менен китепканаларды өнүктүрүү үчүн мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан тиешелүү имараттардын берилиши жана жаңы технологиялар менен жабдуу каралган.
- Мыйзамдын мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары борбордук китепканалардын жетекчилигинде турган

региондордун борборлоштурулган китепкана системасынын курамына кирген, баштапкы звенодон - айылдык жана шаардык китепканалардан-филиалдардан турган, өз кезегинде ушул региондордун облаunion китепканалары менен бириккен, жалпы пайдалануудагы китепканалардын бирдиктүү тармагын сактап калууну камсыз кылышарын жөнгө салган мыйзамдын 20-беренесине ылайык келтирүү максатында 4-беренени китепканалардын бир түрү – китепкана-филиал (шаардык жана айылдык) менен толуктоо;

- мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдардын жоопкерчилигин жөнгө салуу;

- Мыйзамдын бүткүл текстиндеги “Өкмөтү” деген сөздү “Министрлер Кабинети” деген сөздөр менен алмаштыруу

2) “Кыргыз Республикасынын материалдык эмес маданий мурасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталууда:

“Кыргыз Республикасынын материалдык эмес маданий мурасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын талдоонун жыйынтыгында бул Мыйзам андан ары текстинде пайдаланылбаган түшүнүктөр аппаратын камтыганы аныкталган, ошого байланыштуу бул аныктамаларды алып салуу керек (материалдык эмес маданий мурастардын элементтерине менчик укуктарынын субъектилери, материалдык эмес маданий мурастын жазууларынын архиви).

“Манас” эпосунун үч илтигин (“Манас”, “Семетей”, “Сейтек” эпостору) сактоо, өнүктүрүү жана кеңири таратуу маселелери ““Манас” эпосу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын өзүнчө Мыйзамы менен жөнгө салынгандыктан, 5-беренени толуктоо керек.

Ошондой эле, материалдык эмес маданий мурасты коргоо жана пайдалануу тууралуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу үчүн жоопкерчиликти жөнгө салган Мыйзамдын 11-беренеси редакциялык оңдоолорду талап кылат.

Улуттук тизмекке киргизилген элементтер төмөнкү элементтерден турарын белгилей кетүү керек: эпостор, элдик поэмалар, фольклор, айтуучулук искусство, салттуу кол өнөрчүлүк жана кесиптер, салттуу оюндар, ырым-жырымдар жана каадалар, майрамдар.

Материалдык эмес маданий мурастын элементтеринин өзгөчөлүгү бар (алардын физикалык формасы жок), ошого байланыштуу мүмкүн болгон кандайдыр бир залалды баалоо субъективдүү мүнөзгө ээ болот.

Муну менен катар, материалдык эмес маданий мурастын элементтери физикалык жактан бузулуп же жоголуп кетиши мүмкүн эмес (алардын өзгөчөлүгүнө байланыштуу), ошого байланыштуу 6-берененин 7 жана 8-бөлүктөрү материалдык эмес маданий мурастардын элементтери үчүн актуалдуу эмес.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келтирүү максатында Мыйзамдын бүтүндөй тексти боюнча “Кыргыз Республикасынын Өкмөтү” деген сөздөрдү “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети” деген сөздөргө тиешелүү жөндөмөлөрдө алмаштыруу бөлүгүндө өзгөртүүлөр киргизилүүдө.

Бул Мыйзам долбоорун кабыл алуу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык терс кесепеттерге алып келбейт.

“Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык, Мыйзамдын бул долбоорун коомдук талкуулоодон өткөрүү максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий сайтына жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталына жайгаштырылат

Сунушталган мыйзам долбоору колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге карама-каршы келбейт.

Бул мыйзам долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык сарптоолорго алып келбейт.

Сунушталган мыйзам долбоору жөнгө салуучу таасирин талдоону талап кылбайт, анткени ишкердик ишмердүүлүктү жөнгө салууга багытталган эмес.

**Кыргыз Республикасынын**
**маданият, маалымат, спорт**
**жана жаштар саясаты министри** **А. Максутов**